**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине караштуу Д13.23.627 диссертациялык кеңештин эксперти п.и.д. профессор А.С.Раимкулованын 13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген изденүүчү Шатманалиев Болотбек Амановичтин «Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбиялык процессин башкаруунун педагогикалык шарттары» аттуу темадагы диссертациясына**

## ЭКСПЕРТТИК КОРУТУНДУСУ

Эксперт п.и.д., профессор Раимкулова А.С. изденүүчү Шатманалиев Болотбек Амановичтин «Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбиялык процессин башкаруунун педагогикалык шарттары» аттуу диссертациялык ишти карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

**1.Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши:**

Сунуш кылынып жаткан диссертациялык иш Д 13.20.627 шифрлуу диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Каралып жаткан диссертациялык иш 13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистигине жооп берүү менен бирге орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбиялык процессин башкаруунун педагогикалык шарттарын ачып көрсөтүүгө багыттылган.

Изденүүчү Шатманалиев Б.А. тарабынан алынган изилдөөнүн натыйжалары көрсөтүлгөн адистиктин паспортунун төмөнкү пункттарына туура келет: 2-б. Кесиптик билим берүү педагогикасынын генезиси жана теориялык-методологиялык негиздери; 13-пункт. Кесиптик билим берүүнүн чөйрөсү; 18-б.Кесиптик билим берүүнүн мазмунун тандоо жана структуралаштыруу. 20-б. Кесиптик билим берүү системасын башкаруу, каржылоо жана социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн педагогикалык проблемалары.

**2.Диссертациялык иштин максаты:**

Диссертациянын максаты - орто кесиптик билим берүү мекемелеринде окуу процессин башкаруунун эффективдүүлүгүн арттыруу үчүн педагогикалык шарттар менен концептуалдык негиздерди изилдөө жана практикалык түрдө иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Орто кесиптик окуу жайларынын азыркы абалына анализ жасоо, окуу жана тарбия процессин башкаруунун теориялык негиздерин изилдеп чыгуу.
2. Орто кесиптик окуу жайдагы окуу жана тарбия процессин башкаруунун моделин иштеп чыгуу, методологиялык принциптерин кароо, өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоо.
3. Иштелип чыккан моделди практикалык ишке ашырууга өбөлгө түзгөн колледждин окуу-тарбия процессин башкаруунун педагогикалык шарттарынын натыйжалуулугун эксперименталдык түрдө текшерүү.

**3. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу:**

Дисссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу эч кандай кумен туудурбайт, анткени азыркы учурда орто кесиптик билим берүү мекемелери олуттуу өзгөрүүлөрдү башынан өткөрүүдө: мыйзам базасы трансформацияланууда, билим берүү, тарбия, башкаруу жана уюштуруу иши өзгөрүүдө. Билим берүү мекемелери көп профилдүү болуп, диверсификациянын көрүнүшү жайылууда, жеке адамга багытталган билим берүүгө өтүү жүрүүдө. Көптөгөн билим берүү мекемелеринин колледждерге айланууга болгон аракеттери жаңы талаптарды окуу пландарын, уюштуруу жана башкарууну коюп жатканы менен, бул процесс көп учурда мыйзамдык жана теориялык даярдыксыз ишке ашырылып жатат, бул болсо комплекстүү концептуалдык негиздерди иштеп чыгуунун зарылдыгын көрсөтүүдө. Билим берүү мекемелеринин структурасындагы өзгөрүүлөр, мамлекеттик жана жеке менчиктин бөлүнүшү, ошондой эле башка процесстер окуу-тарбиялык процессин башкарууну кайра карап чыгууга түрткү берет. Мындай шартта орто кесиптик билим берүү мекемелериндеги башкаруу маселелерин педагогикалык, методологиялык жана психологиялык аспектилерди эске алуу менен карап чыгуу өтө маанилүү, бул билим берүү мекемелеринин натыйжалуу иштешин камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

**4.Диссертациянын изилдөө объектисинин диссертациянын максаттары жана милдеттери менен дал келиши:**

Диссертациянын изилдөө объектиси: Орто кесиптик билим берүү системасындагы окуу-тарбия процесси.

Орто кесиптик билим берүү мекемелеринде окуу процессин башкаруунун эффективдүүлүгүн арттыруу мүмкүнчүлүктөрү, орду такталды, орто кесиптик билим берүү мекемелеринде окуу процессин башкаруунун теориядагы жана практикадагы абалы изилденди; орто кесиптик билим берүү мекемелеринде окуу процессин башкаруунун мазмуну каралып жана аны өркүндөтүүнүн технологиялары иштелди. орто кесиптик билим берүү мекемелеринде окуу процессин башкаруунун өркүндөтүүдө өбөлгө түзүүчү педагогикалык шарттары аныкталып жана педагогикалык эксперименттерде текшерилди.

**Изилдөө методдорунун диссертациянын милдеттерине дал келүүсү:**

Илимий-изилдөө методдору диссертациянын милдеттерине дал келет: Илимий-изилдөө иштеринин негизин системалык,компетенттүү мамиленин принциптери жана методдору түзөт.

**5. Илимий натыйжалар:**

Диссертациялык иште коюулган милдеттерге ылайык натыйжалар алынып, аларды тариздөө аракети болгон.

1.Изилдөөдөгү биринчи натыйжасы илимий-теориялык концепцияларды талдап, автор орто кесиптик билим берүү мекемелериндеги окуу процессин эффективдүү башкаруу ички башкаруу процесси гана эмес, ошондой эле

кеңири социалдык система менен да байланыштуу экендигин белгилеген. Бирок диссертациялык иштин биринчи бөлүгүндө аталган проблема даана, так берсе, иштин теориялык баалуулугу дагы артмак.

2. Экинчи натыйжасы сунушталган окуу-тарбиялык процессин башкаруу модели гуманизм, демократия, системалык жана ийкемдүүлүк принциптерине негизделген. Анын ийгиликтүү ишке ашырылышы стратегиялык пландоону, демократиялык башкаруу стилин, билимдүү кадрларды, жетиштүү ресурстарды жана заманбап маалыматтык технологияларды колдонуу шартын талап кылат. Белгиленген натыйжаны жаңы десе болот, себеби демократиялык башкарууга байланышкан түшүнүктөр жана фактылар өздөштүрүлүп, компетенттүү мамилени негизинде кандайча ишке ашыруу жолдору аныкталды. Иштелип чыккан модель колледжди башкаруу боюнча функционалдык баалоо критерийлеринин, диагностикалык куралдардын жана директордун орун басарлары, кураторлор жана окутуучулар үчүн веб-колдонмолор менен толукталган.

3. Учүнчү натыйжа жарым-жартылай жаңы деп баалоого болот, анткени автор тарбынан аныкталган педагогикалык жана методикалык шарттары азыркы орто кесипттик окуу жайларда окуу процессин башкаруунун өркүндөтүүдө колдонуу мүмүнчүлүктөрү ачыкталып, колдонууга сунушталган. Бирок, өтө маанилүү милдеттин чечилиши жана анын тариздеилиши илимий жаткан далилдүүлүктү талап кылат.

**6. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү:**

Изилдөөдөн алынган натыйжалар прикладдык мүнөздө тариздеилсе төмөнкүдөй практикалык чөйрөлөрдө колдонулушу мумкун:

- орто кесиптик колледждерде окуу-тарбия процессин башкаруунун жаңы аспекттерин изилдөөдө;
- орто билим берүү мекемелеринин түрдүү баскычтарында башкаруунун мазмунун, критериалдык көрсөткучтөрүн долбоорлоодо;
- башка колледждерде директордун тарбия иштери боюнча орун басарларды, кураторлорду жана окутуучуларды башкаруу жактан даярдоонун мазмунун өркүндөтүүдө;
- орто кесиптик колледждердин оку процессти башкарган менеджерлердин башкаруу компетенттүүлүгүн калыптандырууда жана өркүндөтүүдө.

**7. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши:**

Изденүүчү Шатманалиев Болотбек Амановичтин тарабынан 13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча жазылган автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттерине дал келет. Авторефераттын орус жана англис тилиндеги резюмеси бар.

**8.Мүчүлүштүктөр:**

1.Изилдөөдө стилистикалык, орфографиялык жана пунктуациялык жактан ондоого туура келген мүчүлүштүктөр кездешет (7,13,16, 40,123 ж.б.).

2..Илимий иштин адабияты КРнын ЖАКтын талабына жараша кайра иштелип, тактык менен түзүлүшү керек (20,29,39, 209 ж.б.).

3. Орто кесиптик колледждердин окуу процессти башкарган менеджерлерди окутууга багытталган методикалык иштелмелер берилсе болмок.
4. Авторефератын айрым сылкалары (11,19 бб.) КРнын ЖАКтын талабына жараша кайра туура иштелиши зарыл.
5. Автореферата логикалык байланышты туура колдонбогон айрым суйлөмдөр кездешет(18,19,20 ж.б.)

**Диссертациянын материалдары төмөнкү документтерде, материалдарда жана иштеп чыгууларда колдонулат:**

- Диссертациялык изилдөөнүн негизги натыйжалары акыркы жылдары автордун окуу-методикалык, илимий- практикалык ишинде ашырылган.
- Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары 2019-2024-жылдары эл аралык жана республикалык илимий конференцияларда баяндалган.

Шатманалиев Болотбек Амановичтин диссертациялык материалдарын ишке ашырылышы **төмөнкүлөргө** мүмкүндүк берет:
- колледждерде окуу-тарбиялык процессин башкаруунун сапатын камсыз кылуу;
- орто кесиптик окуу мекемелерде окуу-тарбиялык процессин башкаруунун мазмунун көптөгөн толуктоолдордун, өзгөртүүлөрдүн жана кайра жаратуулардын негизинде карап жаңыланган талаптарды киргизүү, ошону менен бирге окуу-тарбиялык процессин башкаруунун салттуу эмес формаларын теориялык жана практикалык жактан түшүнүү, тереңдетүү, тереңирээк билүү жана салыштыруу;
- илимий-методикалык мамиленин негизинде колледждерде окуу-тарбиялык процессин башкаруу үчүн интерактивдүү технологиялардын инновациялык ыкмаларын кеңири колдонуу.

**9. Сунуштар:**

Орто кесиптик оку мекемелерде окуу-тарбиялык процессин башкарууда чыгармачыл ишмердүүлүк тажрыйбасын калыптандыруу максатында санариптештирүү технологияларды кеңири колдоонууга маани берсе болмок.

Бөлүмдөрдүн ортосундагы байланышты түзүү жана этап аркылуу байланышты уюштуруу, ошондой эле стилистикалык, орфографиялык каталарды, ошондой эле кайталоолорду жана техникалык каталарды жоюу.

Автореферattын 5-бетиндеги изилдөөнүн объектисине, изилдөөнүн предметине толуктоолорду жана оңдоолорду киргизүүгө туура келет.

**10. Корутунду:**

Изденүүчү Шатманалиев Болотбек Амановичтин тарабынан 13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча жазылган «Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбиялык процессин башкаруунун педагогикалык шарттары» аттуу диссертациялык иш жекече аткарылган илимий квалификациялык иш, анда жаңы илимий натыйжалары жана жыйындысы 13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча паспортун жоболоруна ылайык келген.Талапкердин жеке салымы, эксперименталдык текшерүү менен изилдөө жүргүзүү идеясы жана алынган жаңы натыйжалар анын педагогика

илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн диссертацияларга коюлган талаптарга ылайыктуулугун белгилөөгө мүмкүндүк берет.

**Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Д 13.23.627 диссертациялык кеңешинин эксперти**:

Изденүүчү Шатманалиев Болотбек Амановичтин тарабынан 13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча жазылган «Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбиялык процессин башкаруунун педагогикалык шарттары» аттуу диссертациялык ишти кабыл алууну диссертациялык кеңешке сунуш кылат.

**Эксперт:**
**Жусуп Баласагн атындагы профессору,**
**педагогика илиминин доктору** **Раимкулова А.С.**

**Эксперттик комиссиянын мүчөсүнүн колун тастыктайм:**
**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетини**
**Кадрлар бөлүмүн башчысы** **Курамаева Н.К.**

Датасы: 20.01. 2025 жыл